Инвестордон колдоо

# «Алтынкен» компаниясы
## Курман айт майрамына карата кайрымдуулук акциясын өткөрдү

Жыпара ЖЭЭНАЛИЕВА,
"Кыргыз Туусу"

2023-жылдын 27-июнунда компаниянын Орловкадагы кеңсесинин жанында гуманитардык жардамды өткөрүү уюштурулган. Бул жерге Алмалуу айыл аймагынын жана Орловка шаарынын үй-бүлөлөрүнөн сырткары, ишкананын 20 кызматкери дагы жардам алууга чогулушту. Жардамга муктаж кызматкерлердин тизмеси түзүлүп, компаниянын профсоюздук комитети менен биргеликте адам ресурстарын башкаруу бөлүмү иш алып барышты.

Бул иш-чарага башкы директордун туруктуу орун басары Ван Цаминь баштаган компаниянын өкүлдөрүнөн тышкары Кемин райондук мамлекеттик администрациясынын социалдык саясат бөлүмүнүн

**«Алтынкен» компаниясында Курман айт майрамынын алдында кайрымдуулук акциясын өткөрүү салтка айланган. Үстүбүздөгү жылы ишкананын жетекчилиги Кемин районундагы 50 аз камсыз болгон үй-бүлөгө жардам көрсөтүүнү чечкен. Ошондой эле, Кемин шаарындагы «Күн шооласы» карылар үйүндө «Алтынкен» компаниясынын өкүлдөрүн өзгөчө үмүт менен күтүп жаткан чоң ата, чоң энелер да унутта калган жок.**




башчысы Дастан уулу Канат, Орловка шаарынын мэри Бактыбек Чанчаров, Алмалуу айыл өкмөтүнүн башчысы Улан Шакиров катышты. Кемин райондук мамлекеттик администрациясынын жана муниципалитеттердин өкүлдөрү чогулган элди Курман айт майрамы менен куттуктап, Кемин районунун калкына системалуу түрдө көрсөткөн жардамдары үчүн «Алтынкен» компаниясына ыраазычылык билдирди.

Өзүнүн куттуктоо сөзүндө компаниянын башкы директорунун туруктуу орун басары Ван Цаминь «Алтынкен» компаниясы райондун тургундарына жардам көрсөтүүгө кубанычта экенин жана компаниянын туруктуу иштеши менен турмуштук оор кырдаалга кабылган, жардамга муктаж адамдарды социалдык жактан колдоо боюнча компания ишмердүүлүгүн уланта берээрин белгиледи.

Ал компанияга колдоо көрсөткөн мамлекеттик администрациянын жана муниципалитеттердин өкүлдөрүнө ыраазычылык билдирди. "Биргелешкен аракет менен ишкананын гүлдөп өнүгүүсүнө барабыз, Кемин районунун тургундарынын турмушун оңдойбуз" – деп баса белгиледи.

– Ушул эле күнү «Алтынкен» компаниясынын өкүлдөрү Кемин шаарындагы «Күн шооласы» карылар үйүнө барып, кой, мөмө-жемиш, ун жана өсүмдүк майы түрүндөгү азык-түлүктөрдү, белектерин калтырышты. Ошондой эле райондун бардык айыл аймактарына жардамдар жеткирилди. Бул күнү ар бир үй-бүлөгө 50 кг ун жана 5 литрден өсүмдүк майы тапшырылып, Курман айтка карата боорсок даярдоонун символикалык топтому болуп калды.

Кийинки Курман айт майрамына чейин Кыргызстанда гана эмес, бүткүл дүйнөдө тынчтык жана стабилдүүлүк болсун!









### Жалпы пайдалануудагы жолдорду оңдоо

Көп жылдардан бери Орловка шаарынын көйгөйлөрүнүн бири Фрунзе көчөсүнүн жолдору болуп келген. Ал жол аркылуу «Алтынкен» компаниясынын негизги жүктөрү ташылат. Бул көчөнүн жашоочулары унаалар чуңкурлардан качып, үйлөрдүн жанынан өтүп, бул көчөдө жашагандардын коопсуздугуна коркунуч жаратып жатканын тынбай айтып келишкен.

Бул жол Орловка шаарынын мэриясына тиешелүү болгонуна карабастан, «Алтынкен» компаниясы аны калыбына келтирүү үчүн буга чейин бир нече жолу оңдоо иштерин жүргүзгөн.

Фрунзе көчөсүнө акыркы жолу жамоо иштери 2021-жылы жүргүзүлгөн, бирок, климаттык өзгөрүүлөргө байланыштуу жолдун линиясынын начарлашы жана жаңы чуңкурлар пайда болуп, транспорттордун жүрүшү кыйын болуп калган.

Ошентип, 2023-жылы май айында компания көрсөтүлгөн көчөнү гана эмес, Кудряшов көчөсүн жана Жаңы-Алыш - Орловка автожолунун бир бөлүгүн оңдоо чечимине келген.

Ремонт иштерин үзгүлтүксүз сапаттуу жүргүзүү максатында компаниянын комиссиясы подряддык уюмдардын ишин текшерүүгө алышкан. Көптөгөн чуңкурларды оңдоонун ордуна бүтүндөй катмарларды сыйрып, катуу асфальт төшөө керек болгондуктан, алгач пландаштырылган иштердин көлөмү кийин алда канча көбөйтүлдү.

Орловка шаарынын мэриясынан билдиришкендей, быйыл Кудряшов көчөсүнө асфальт төшөө пландалууда. Андыктан аталган көчөнү «Алтынкен» компаниясы тарабынан жүргүзүлгөн оңдоп-түзөө иштери Орловка шаарынын мэриясынын тынымсыз асфальттоо иштерин жеңилдетти, анткени, биринчи катмар асфальттын жаңы катмарына бекем фундамент болуп кызмат кылат.

Оңдолгон жолдордун узундугу Фрунзе, Кудряшов көчөлөрү менен Жаңы-Алыш-Орловка жолунун айрым бөлүктөрүн кошкондо 6 чакырымдан ашык. Бул оңдоого ишкана тарабынан 6,7 миллион сомдон ашык каражат бөлүнгөн.

Жолдордун абалын жакшыртуу экономикага чоң таасирин тийгизет, анткени, бул жолдор бир гана компаниянын жүктөрүн эмес, жүргүнчүлөрдү, Орловка шаарынын жана ага жакын жайгашкан калктуу конуштардын тургундарынын, ишкерлеринин жана фермерлеринин жүктөрүн да ташыйт.

Чыгышта жол, көпүрө салгандарга ар дайым урмат-сый менен мамиле жасалган. Бул оңдоп-түзөөдөн өткөн жолдор менен жүргөндөрдүн баары белгилеп, оңдогондугу үчүн ыраазычылык билдиришет деп ишенем.





